# УПЧУНУН ЗЫЯНДАРЫ

- √ Бала упчуну дайыма соро берип чарчап, эмчекти эмгенден баш тартышы же аз эле убакыт сорушу мүмкүн.
- √ Бала эмчектин үрпүн “упчу менен алмаштырып”, эмизгенде оозун чоң ачпай калат, үрптү ареоласыз эле соруп жетишерлик сүт чыкпай, тойбой калышы мүмкүн, мунун жыйынтыгында эмчектен баш тартып, упчуну талап кылат.
- √ Упчу баланын тиштөөсүн өзгөртөт, бул чоңойгондо анын тышкы көрүнүшүнө таасирин тийгизиши мүмкүн: жаактары туура эмес өсүп, тиштери кыйшык жана оорулуу болуп калышы ыктымал.
- √ Упчу баланын үн органдарынын туура калыптануусун бузат, жыйынтыгында сүйлөө кемчиликтерине алып келет – дикция начар өөрчүйт жана сөздөрдү так айта албай калат.
- √ Оозуна дайыма бир нерсе салып жана соруп жүргүсү келгендиктен балада зыяндуу адаттар пайда болушу мүмкүн.
- √ Кандай гана упчу болбосун инфекциялардын пайда болуусу үчүн тобокелчиликтин фактору болушу ыктымал.
- √ Упчулар резина, силикон жана латекстен жасалат. Алар баланын ден соолугуна зыянын тийгизиши мүмкүн.
- √ Бала өзүнүн соруу рефлексин энесинин эмчегин соруу жана аны менен жылуу байланышта болуу аркылуу канааттандырууга муктаж, упчу анын ордун алмаштыра албайт.
- √ Упчу баланы түнт кылат, анын айлана-чөйрөгө болгон кызыгуусун азайтат.





# БӨТӨЛКӨДӨН ТАМАКТАНДЫРУУНУН ЗЫЯНДАРЫ

- √ Балага 6 айына чейин бөтөлкөдөн кошумча тамак берүү энесинин сүтүнүн иштелип чыгышынын төмөндөөсүнө алып келет.
- √ Балага 6 айдан кийин бөтөлкөдөн берилген кошумча тамак ага тамак-аш заттарынын жана энергиянын жетишерлик өлчөмүн бербейт, мындан улам ал өнүгүүдө артта калышы мүмкүн.
- √ Бөтөлкөдөн тамактандыруу баланы энеси менен байланышта болуу жана мамиле түзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат, бул баланы коопсуздукта болуу жана сүйүү сезимдерине бөгөт коёт.
- √ Бөтөлкө жакшы жуулбайт жана аны стерилдөө да оңой эмес. Бөтөлкөнүн ичинде калган тамактын калдыктарында бактериялар пайда болушу жана балдар үчүн уулануунун булагы болушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

SPRING Дүйнөлүк деңгээлде тамак-аш тармагындагы өнөктөштүктү, натыйжалуулукту жана инновацияны чыңдоо долбоору

Бул иш кагаз Америка Кошмо Штаттарынын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин ченемсиз жардамы жана кызматташтык боюнча AID-OAA-A-11-00031 макулдашууга карай Джон Сноу Инк. Окуу жана Изилдөө Институтунун (JSI) жетекчилигинин алдында мүмкүн болду. Мазмун JSIдын жоопкерчилиги алдында болуп эсептелинет жана USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.